«МАКУЛДАШЫЛГАН»

“Сапаттуу Билим” агенттигинин
негиздөөчүлөрүнүн чогулушунун
№___4___протоколу 22.07.2025ж.

«БЕКИТИЛГЕН»

агенттиктин директору
Бостонова П.З.

ЖОБО
«САПАТТУУ БИЛИМ» АГЕНТТИГИНИН ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯСЫ ТУУРАЛУУ

1. Жалпы жоболор

1.1. Эксперттик комиссия (мындан ары – Комиссия) билим берүү уюмдарынын жана/же билим берүү программаларынын ишмердүүлүгүн аккредитация процедураларынын алкагында экспертизадан өткөрүү үчүн түзүлөт.

1.2. Комиссия өз ишин мыйзамдарга, аккредитация органынын нормативдик актыларына жана ушул Жобого ылайык жүргүзөт.

1.3. Комиссия – белгилүү бир аккредитациялык экспертизаны жүргүзүү үчүн түзүлгөн убактылуу коллегиалдык орган.

2. Эксперттик комиссиянын максаты жана милдеттери

2.1. Билим берүү уюмунун же билим берүү программаларынын (кластеринин) тышкы экспертизасын жүргүзүү максатында «Сапаттуу Билим» агенттиги атайын даярдыктан өткөн адистердин ичинен эксперттик комиссия түзөт. Комиссия 3–5 көз карандысыз эксперттен турат. Зарылчылыкка жараша чет өлкөлүк адистер, бүтүрүүчүлөрдү даярдоо профили боюнча иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү жана студенттик коомчулуктун (студенттердин) өкүлдөрү тартылышы мүмкүн. PhD программаларын экспертизадан өткөрүү үчүн тиешелүү илимий тармактардагы илимий-изилдөө уюмдарынын, анын ичинде чет элдик өкүлдөрү чакырылышы мүмкүн. Комиссиянын ишин Агенттиктин штаттык кызматкерлеринин ичинен дайындалган референт коштоп жүрөт.

Эгерде билим берүү уюмунда бир нече билим берүү программалары (кластерлери) аккредитациядан өтүп жатса, даярдоо багыттары/адистиктери боюнча ар бир программа үчүн же кластерлер үчүн өзүнчө комиссиялар түзүлүшү мүмкүн.

2.2. Эксперттин ишмердүүлүгүндөгү негизги принциптер: ак ниеттүүлүк, жоопкерчилик, калыстык, обьективдүүлүк жана берилген документтер менен иштөөдө купуялуулукту сактоо.

2.3. Көз карандысыз эксперттер – академиялык жана илимий коомчулуктун өкүлдөрү, анын ичинде чет өлкөлүк эксперттер аккредитациялоочу уюмдар, коомдук жана кесиптик бирикмелер, фонддор, ассоциациялар тарабынан сунушталышы мүмкүн. Ошондой эле, агенттик өзү даярдаган эксперттер болушу мүмкүн.

Академиялык коомчулуктун өкүлү катары тандалып алынуучу эксперттерге коюлуучу талаптар: жогорку билим берүү, илим же өндүрүш тармагында иш стажы; жетекчилик кызматтардагы иш тажрыйбасы; илимий даража же наамдын болушу; экспертизанын багытына ылайык профили.

2.4. Кесиптик коомчулуктун (иш берүүчүлөрдүн) өкүлдөрү негизги өнөктөш мекемелер, профилдик министрликтер же жумуш берүүчүлөрдүн бирикмелери тарабынан сунушталат.

Талаптар: программаны баалоого тийиштүү компетенция, профили боюнча жетекчилик кызматта иш стажы.

2.5. Студенттик коомчулуктун өкүлдөрү (студенттер, магистранттар, аспиранттар) тышкы билим берүү мекемелери же студенттик бирикмелер тарабынан көрсөтүлөт.

Талаптар: билим берүү мекемесинин жетекчилигинин сунуш каты, жогорку билим берүүнүн укуктук базасын билүү, Болон процессинин негизги жоболорун билүү.

2.6. Ар бир эксперт Агенттик менен тышкы экспертизага катышуу боюнча келишим түзөт жана экспертиза жүргүзүлө турган билим берүү уюму менен кызыкчылыктардын кагылышуусу жоктугу тууралуу билдирмеге кол коёт (1-тиркеме).

Комиссиянын курамы билим берүү уюму менен макулдашылат. Билим берүү уюму негиздүү жүйө келтирүү менен айрым эксперттердин талапкерлигин четке кагууга укуктуу.

2.7. Эксперт өз баалоосунун обьективдүүлүгү жана чындыкка шайкештиги, экспертизаны өз убагында жүргүзүү жана отчет материалдарын даярдоо үчүн жекече жооп берет.

Эксперт билим берүү уюмуна барганга чейин өзүн-өзү баалоо отчетун стандарттарга жана критерийлерге шайкештигин анализдеп чыгышы керек. Ошондой эле жетишпеген далилдерди, шайкеш келбестиктерди аныктап, текшерүү үчүн суроолорду даярдашы керек.

Эксперт өз алдынча отчеттун бөлүгүн жазат, жана башка эксперттер менен биргеликте жыйынтык отчетту даярдоого катышат.

Жыйынтык отчетто:

– өзүн-өзү баалоо отчетунун сапаты;

–окуу жайдын же программалардын күчтүү жана алсыз жактары;

–аккредитациялык стандарттардын жана критерийлердин деңгээли;

– сунуштар камтылышы керек.

2.8. Эксперт кошумча материалдарды, документтерди, маалыматтарды талап кылууга укуктуу, бирок бул өтүнүчтөр референт аркылуу гана жүргүзүлөт. Эксперт өз пикирлерин билдирүүгө жана негиздөөгө укуктуу.

2.9. Комиссиянын ишин уюштуруу үчүн Агенттиктин директорунун буйругу менен төрага дайындалат. Ал тышкы экспертизанын программасын жана отчеттун даярдалышын камсыз кылуу үчүн жоопкер.

2.10. Сапар соңунда төрага билим берүү уюмунун жетекчилигине тышкы экспертизанын натыйжалары тууралуу оозеки отчет берет. Бул отчет бардык эксперттердин бирдиктүү пикирине негизделет.

Эксперттик комиссиянын тыянагы сунуштоо мүнөзүндө болуп, ал Аккредитациялык кеңештин жыйынында расмий бекитилгенге чейин ачыкка чыгарылбайт.

3. АККРЕДИТАЦИЯ БОЮНЧА ТЫШКЫ ЭКСПЕРТТИН ЭТИКАЛЫК КОДЕКСИ

Бул кодекс билим берүү уюмдарын жана программаларын экспертизадан өткөргөн тышкы эксперттер үчүн жүрүм-турум эрежелерин белгилейт.

Эксперт Агенттиктин аккредитациялоо стандарттары жана критерийлери боюнча иш алып барат жана атайын даярдыктан өтүшү керек. Анын иши төмөнкү этикалык принциптерге негизделет: кесипкөйлүк, ак ниеттүүлүк, калыстык, адилеттүүлүк.

1. **Кесипкөйлүк.**

Эксперт тийиштүү предметтик багыт боюнча адис болушу зарыл. Ал башка эксперттер жана билим берүү уюмунун кызматкерлери менен өз ара урматтоо негизинде иш алып барышы керек. Башкаларды кемсинткен сөздөрдү колдонууга тыюу салынат.

2. **Кызыкчылыктардын кагылышуусун жөнгө салуу.**

Эксперт комиссиянын курамына кирер алдында Агенттикке кедерги жаратышы мүмкүн болгон жагдайлар тууралуу маалымат берүүгө милдеттүү. Мындай жагдайларга төмөнкүлөр кирет:

– ушул уюмда мурда же азыркы учурда иштөө;

–экспертиза өтө турган программа боюнча кеңеш берүү;

– ишке орношуу боюнча сүйлөшүүлөр;

– бул уюмда окуу;

– финансылык кызыкчылыктардын болушу.

Эксперт мындай жагдайлардан баш тартууга жана алар тууралуу маалымдоого тийиш. Билим берүү уюмунан акча же белек алууга тыюу салынат. Эксперт өз ыйгарым

укуктарынан ашкан аракеттерди жасабашы керек. Экспертиза башталар алдында эксперттер «Кызыкчылыктардын кагылышуусу жок» экендиги тууралуу билдирмеге кол коюшат.

3. Купуялуулук.

Экспертке берилген бардык маалымат жана документтер купуя болуп саналат. Алар аккредитация максатында гана колдонулууга тийиш.

Үчүнчү жактарга маалымат берүүгө, Агенттиктин жана уюмдун макулдугусуз жарыялоого тыюу салынат.

Жумушчу документтер ички колдонуучу материалдар болуп эсептелет жана Агенттиктин интеллектуалдык менчиги.

Алардын мазмуну билим берүү уюмунун өкүлдөрүнө жарыяланбайт.

Тиркеме 1

АККРЕДИТАЦИЯ БОЮНЧА ЭКСПЕРТТИК ИШКЕ ДАЯР ЭКЕНДИГИ ЖӨНҮНДӨ АРЫЗ

Мен, _____,
(аты-жөнү толук)
«Сапаттуу Билим» билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттиги тарабынан өткөрүлүп жаткан аккредитация ишине эксперт катары катышууга даяр экенимди билдирем жана төмөнкү милдеттерди аткарууга макулдугумду берем:

- билим берүү уюмунун жана программалардын өзүн-өзү баалоо отчетун кароо жана анын негизинде алдын ала тыянак (баа) берүү;
- төмөнкү иштерге активдүү катышуу:
  - - билим берүү уюмуна баруу;
  - - эксперттик топ өткөргөн талкууларда катышуу;
  - - 2 жумалык мөөнөт ичинде жыйынтык отчетту түзүүгө катышуу;
  - - эскертүүлөр болгондо маалыматтарды кайра текшерүү;
  - - «Сапаттуу Билим» агенттиги уюштурган окутуу жана нускамаларга катышуу;
  - - эксперттик топтун мүчөлөрүнө карата коюлган талаптарды аткаруу.

Объективдүүлүк боюнча милдеттенмем:

Мен төмөнкү шарттарда обьективсиздик болушу мүмкүн экенин түшүнөм жана мындай шарттарда ишке катышуудан баш тартам:
☐ Акыркы 2 жыл ичинде бул билим берүү уюмунда иштегенмин
☐ Учурда бул уюмда кеңешчи/эксперт/башка кызматта иштейм
☐ Бул уюм менен соттук/конфликттүү абалда турам
☐ Бул уюмдагы кызматкерлер менен туугандык/жакын мамилем бар

Этикалык кодекс боюнча милдеттенмем:

Мен «Сапаттуу Билим» агенттигинин бекитилген этикалык кодекси менен тааныштым жана төмөнкү принциптерди карманууга милдеттенем:
- кесипкөйлүк, - чынчылдык, - калыстык, - адилеттүүлүк

Документтерди купуялуулукта кароого жана аларды үчүнчү жактарга бербөөгө кепилдик берем.
Акыркы экспертизага байланыштуу аты-жөнүм жарыялануусуна макулмун.
Аты-жөнү: _____

Кол тамга: _____

Дата: «____» _____ 20__ ж.